**Кыргыз Республикасынын төлөм системасынын**
**2014-жылдын 1-чейреги ичиндеги абалы тууралуу маалымат**

## 1. Төлөмдөр түзүмүндөгү өзгөрүүлөр боюнча аналитикалык маалыматтар

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин алдын ала маалыматтары боюнча 2014-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча, ИДӨ көлөмү 2013-жылдын көрсөткүчтөрүнө салыштырганда 5,6 пайызга көбөйүү менен 67,7 млрд. сомду түзгөн (2013-жылы көрсөткүчтүн 8,8 пайызга төмөндөөсү байкалган эле). Кароого алынып жаткан мезгилдин ичинде ИДӨнүн динамикасына негизинен курулуш жана соода жагынан басаңдашы негизги таасирди тийгизген.

ИДӨнүн номиналдык өсүшү байкоого алынып жаткан мезгил ичинде 8,3 пайызды (2013-жылдын январь-март айларында 12,6 пайызды) түзгөн.


Республиканын банктар аралык төлөм системасында төлөмдөрдүн көлөмүнүн жана номиналдык ИДӨнүн өзгөрүү динамикасы бир тараптуу тенденциянын сакталып тургандыгы тууралуу мурдагыдай эле тастыктаган (1-график). Алсак, 2014-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча банктар аралык төлөмдөрдүн жалпы көлөмү өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 54,2 пайызына көбөйүү менен 253,1 млрд. сомду түзгөн.

Алсак, 2014-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча банктар аралык төлөмдөр аркылуу өткөн жылга салыштырганда 12,8 пайызга азаюу менен жана 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 29,7 пайызга көбөйүү менен 748 898 төлөмдү жүргүзүлгөн. Банктар аралык төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда 0,7 пайызга көбөйүү менен жана өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 54,2 пайызга көбөйүү менен 253,1 млрд. сом чегинде катталган (2-график).


Отчеттук мезгил ичинде банктар аралык төлөмдөрдүн түзүмү өзгөрүүсүз калып, төмөнкүчө түптөлгөн: төлөмдөрдүн жалпы көлөмүндө банктык операциялар – 80,2 пайызды түзүү менен негизги үлүштү ээлеп, бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн салыштырма салмагы 13,2 пайызды, ал эми бюджеттик эмес уюмдардын товарлары жана кызмат көрсөтүүлөрү, активдери жана милдеттенмелери үчүн төлөмдөрү 6,6 пайызды түзгөн.

Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн көлөмү 2014-жылдын 1-чейреги ичинде өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 37,3 пайызга көбөйүү менен 33,5 млрд. сомду түзгөн (бирок 2013 - жылдын 4-чейрегине салыштырганда көрсөткүч 24,1 пайызга азайган). Анын кирише бөлүгүнүн өткөн жылга салыштырмалуу жогорулоосунун сакталышынын алкагында, мамлекеттик бюджетке төлөмдөрдүн өсүшү негизги себептерден болгон. Бюджеттик уюмдардын төлөмдөрүнүн көлөмүнүн өсүшүнө негизги салымды мамлекеттик бюджеттен түшкөн төлөмдөр кошушкан. Атап айтканда, отчеттук чейрек ичинде бюджеттик кириш төлөмдөрдүн көлөмү 2013-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 48,1 пайызга көбөйгөн (2013-жылдын 1-чейрегинде жылдык айтылышта төлөмдөрдүн көлөмү 8,5 пайызга көбөйгөн).


1 -график. ИДӨ жана төлөмдөр көлөмүнүн өз ара байланышы




2-график. Банктар аралык төлөмдөрдүн динамикасы (млн.сом)




3-график. Бюджеттик кирешелердин, чыгашалардын жана төлөмдөр көлөмүнүн динамикасы (млн. сом)



Кароого алынган мезгил ичинде мамлекеттик бюджеттин жалпы чыгашалары, 2013-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 2,3 млрд. сомго же 12,4 пайызга көбөйүү менен 20,8 млрд. сом чегинде катталган. Бюджеттик чыгашалардын көбөйүүсү, негизинен, мамлекеттик кызматкерлерге кызмат акыны төлөө боюнча чыгашалардын көбөйүүсүнө, ошондой эле мамлекеттик субсидиялардын жана социалдык жөлөкпулдардын көлөмүнүн өсүшүнө байланыштуу болгон. Натыйжада, банктар аралык төлөмдөр системасы аркылуу ишке ашырылган бюджеттик чыгыш төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 2013-жылдын 1-чейрегине салыштырганда отчеттук чейректе 29,4 пайызга көбөйгөн (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, 19,8 пайызга азайган).

## 2. Нак акча жүгүртүү түзүмү

Коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугу 2014-жылдын 1-чейреги үчүн 102,37 пайызды түзгөн жана 2013-жылдын ушул мезгили менен салыштырганда 2,91 пайызга көбөйгөн (2013-жылдын 1-чейреги үчүн кайтарымдуулук – 99,46 пайызды түзгөн).

1-таблица. Коммерциялык банктардын кассалары аркылуу өткөн нак акчалардын кыймылы


| **Аймактардын аталышы** | **Келип түшкөн** *(млн. сом)* | | **Берилген** *(млн. сом)* | | **Кайтарымдуулук** *(пайыз)* | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2013-ж. 1-чейреги** | **2014-ж. 1-чейреги** | **2013-ж. 1-чейреги** | **2014-ж. 1-чейреги** | **2013-ж. 1-чейреги** | **2014-ж. 1-чейреги** |
| Бардыгы | 156 141,8 | 202 318,6 | 156 988,6 | 197 641,8 | 99,46 | 102,37 |
| Бишкек шаары | 82292,9 | 104162,5 | 79144,7 | 95823,1 | 103,98 | 108,7 |
| Баткен облусу | 6983,3 | 9952,3 | 7254,8 | 10 038,0 | 96,26 | 99,15 |
| Жалал-Абад облусу | 15620,6 | 20190,4 | 17355,6 | 22320,2 | 90 | 90,46 |
| Ысык-Көл облусу | 6 379,90 | 9046,3 | 7199,1 | 9723 | 88,62 | 93,04 |
| Нарын облусу | 2558,2 | 3991,8 | 3311,7 | 4415,6 | 77,25 | 90,4 |
| Ош шаары | 22999,2 | 27850,4 | 22378,1 | 27 250,0 | 102,78 | 102,2 |
| Ош облусу | 7450,5 | 8 853,0 | 7746,3 | 9122,1 | 96,18 | 97,05 |
| Талас облусу | 2 677,80 | 3497,5 | 3417,7 | 4161,4 | 78,35 | 84,04 |
| Чүй облусу | 9179,4 | 14774,4 | 9 180,60 | 14788,4 | 99,99 | 99,91 |

2014-жылдын 1-чейрегинде 2013-жылдын 1-чейрегине салыштырмалуу Чүй областынан жана Ош шаарынан башка, республиканын бардык аймактары боюнча коммерциялык банктардын кассаларына нак акча кайтарымдуулугунун өсүшү жүргөн:

- Бишкек шаары боюнча 4,72%га;
- Баткен областы боюнча 2,89%га;
- Жалал-Абад областы боюнча 0,46%га;
- Ысык-Көл областы боюнча 4,42%га;
- Нарын областы боюнча 13,15%га;
- Ош областы боюнча 0,87%га
- Талас областы боюнча 5,69%га

Чүй областы боюнча накта акча кайтарымдуулугу 0,08 пайызга төмөндөгөн, Ош шаары боюнча нак акча кайтарымдуулугу 0,58 пайызга төмөндөгөн.

4-график. Аймактар боюнча коммерциялык банктардын кассаларына кайтаруулар (%)





2014-жылдын 1-чейрегинде нак акчалардын кайтарымдуулугунун эң жогорку көрсөткүчү Бишкек шаары боюнча 108,70 пайызды түзгөн. Ош шаары боюнча нак акчалардын кайтарымдуулугу 102,20 пайызды түзгөн. Нак акчалардын кайтарымдуулугунун эң төмөнкү көрсөткүчү Талас областы боюнча болуп, 84,04 пайызды түздү (4-график).


Коммерциялык банктардын кассаларына 2014-жылдын 1-чейрегинде келип түшкөн нак акчалардын суммасы 202 318,6 млн. сомду түздү жана 2013- жылдын ушул эле мезгилине салыштырмалуу 29,6 пайызга өскөндүгү байкалган.

2014-жылдын 1-чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларына келип түшүүлөрдүн негизги булактары боюнча маалыматтар төмөндө келтирилген:

- коммерциялык банктардын филиалдарынан, сактык кассаларынан жана алмаштыруучу жайларынан – 77 269,8 млн. сом же болбосо 2013-жылдын 1-чейрегине салыштырмалуу 36,5 пайызга көп (2013-жылдын 1-чейреги үчүн- 56 612,1 млн.сом);
- товарларды сатуудан – 14 694,5 млн. сом, 13,5 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 1-чейреги үчүн- 12 951,8 млн. сом);
- банкоматтарды жана терминалдарды инкассациялоодон – 17 675,3 млн. сом же 43,3 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 1-чейреги үчүн- 12 336,7 млн. сом);
- жергиликтүү (локалдык) акча которууну жүзөгө ашыруу үчүн -14 797,8 млн. сом же 26,7 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 1-чейреги үчүн- 11 682,7 млн.сом);
- аткарылган жумуштардан жана кызмат көрсөтүүдөн – 14 548,3 млн. сом же 34,2 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 1-чейреги үчүн- 10 839,7 млн. сом);
- чет элдик валюталарды сатуудан – 25 296,9 млн. сом, 2013-жылдын 1-чейрегине салыштырмалуу 55,8 пайызга көп (2013-жылдын 1-чейреги үчүн - 16 235,4 млн. сом).

Келтирилген статистикалык маалыматтар боюнча коммерциялык банктардын кассаларына келип түшкөн сумманын өсүш кыймылы, баарынан мурда, товар өндүрүлүшүнүн өсүшүн, кызмат көрсөтүүнүн тарифтеринин жогорулашын, жергиликтүү (локалдык) акча которууну жүргүзүү жана чет элдик валюталарга болгон суроо-талаптардын жогорулашын чагылдырат.




<u>Коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчалар</u> 2014-жылдын 1-чейреги үчүн 820 074,0 млн. сомду түзгөн жана 2013-жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 25,9 пайызга көбөйгөн.

2014-жылдын 1-чейреги үчүн коммерциялык банктардын кассаларынан берилген нак акчалардын негизги багыттары:

- коммерциялык банктардын филиалдарына, сактык кассаларына жана алмашуу бюролоруна – 75 632,9 млн. сом берилген же 2013-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 36,8 пайызга көп (2013-жылдын 1-чейреги -55 282,4 млн.сом);
- кызмат көрсөтүүлөрдү жана аткарылган жумуштарга төлөөгө – 7 541,0 млн. сом же 40,8 пайызга көбөйгөн (2013-жылдын 1-чейреги үчүн – 5 355,6 млн. сом);
- банкоматтарга акча жүктөө үчүн - 23 951,7 млн. сом, 40,7 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 1-чейреги үчүн – 17 021,4 млн. сом);
- жергиликтүү (локалдык) акча которууларды төлөөгө -14 589,1 млн. сом, 24,7 пайызга көбөйгөн (2013-жылдын 1-чейреги үчүн – 11 695,4 млн. сом);
- товарларды төлөөгө – 12 419,5 млн. сом, 9,1 пайызга жогорулаган (2013-жылдын 1-чейреги үчүн – 2 215,7 млн. сом);
- чет элдик валюталарды сатып алууга – 31 321,1 млн. сом же 13,5 пайызга көп (2013-жылдын 1-чейреги үчүн – 27 583,8 млн.сом).
- эмгек акыларды төлөөгө – 3 917,6 млн. сом, 2013- жылдын 1-чейрегине салыштырганда 14,8 пайызга азайган (2013-жылдын 1-чейреги үчүн эмгек акыларды төлөөгө - 4 599,2 млн. сом берилген).







## 3. Нак эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн түзүмү

### 3.1. Майда чекене жана утурумдук төлөмдөрдүн пакеттик клиринг системасы (ПКС)


Улуттук банк, 24 коммерциялык банк жана алардын 289 филиалы Пакеттик клиринг системасынын катышуучуларынан, ал эми «Банктар аралык процессинг борбору» ЖАК («БПБ» ЖАК) – адистештирилген катышуучусунан болушкан.

2014-жылдын 1-чейрегинин иш жыйынтыгы боюнча клиринг төлөмдөрүнүн көлөмү 21 057,1 млн. сом чегинде катталып:

- өткөн чейрекке салыштырганда 22,6 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 23,2 пайызга көбөйгөн.

Отчеттук мезгил ичинде клиринг төлөмдөрүнүн саны 706 771 төлөмдү түзүп:

- өткөн чейрекке салыштырганда 12,2 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 30,5 пайызга көбөйгөн.





### 3.2. Айкын убакыт ыргагында эсептешүүлөрдүн гросстук системасы

2014-жылдын 1-чейрек ичинде гросстук төлөмдөрдүн жалпы көлөмү 232 091,3 млн. сомду түзүү менен:

- өткөн чейрекке салыштырганда 3,5 пайызга көбөйгөн;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 57,8 пайызга көбөйгөн.

Бардыгы болуп эсептешүүлөрдүн гросстук системасы аркылуу 2014-жылдын 1-чейреги ичинде 42 127 төлөм өткөрүлгөн. Бул көрсөткүч:

- өткөн чейрекке салыштырганда 21,4 пайызга азайган;
- өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 18,3 пайызга көбөйгөн.





### 3.3. Банктык төлөм карттар рыногу

2014-жылдын 1-апрелине карата абал боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында банктык төлөм карттарынын эмиссиясы жана эквайринги боюнча кызматтарды иштеп жаткан 24 банктын ичинен 21 банк сунуштаган, алардын ичинен 13 банк жана «Элкарт» улуттук системасы боюнча 18 банк эл аралык карттардын эмитенттеринен жана эквайерлеринен болушкан.

*Банктык төлөм карттар эмиссиясы.*

2014-жылдын 1-чейрегинин акырына карата абал боюнча эмитирленген төлөм карттарынын саны **724 815** түзгөн. Мында, карттардын саны өткөн чейректегиге салыштырганда 11,4 пайызга көбөйүп, өткөн жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда алардын саны 33,8 пайызга өскөн.




Төлөм карттары түрлөрү боюнча төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн:


- <u>**Эл аралык системалар** ***561 850:***</u>
  - «Visa» 262 649;
  - «Master Card» 1 189;
  - «Золотая корона» (Россия) 298 012;
  - «China Union Pay» 213
- <u>**«Элкарт» улуттук системасы 162 752.**</u>


*Банктык төлөм карттар эквайринги.*

2014-жылдын 1-чейрегинин акырына карата абал боюнча иштеп турган терминалдардын жана банкоматтардын жалпы саны системалардын түрлөрү боюнча төмөнкүчө катталган:

– Visa & MasterCard эл аралык системалары боюнча – 214 банкомат жана 1 785 терминал;
– «Элкарт» улуттук системасы боюнча – 344 банкомат жана 1 325 терминал;
– «Золотая корона» (Россия) эл аралык системасы боюнча - 298 банкомат, 635 терминал.

Жалпысынан алганда, банктык төлөм карттар, республиканын бүтүндөй аймагында орнотулган **856 банкоматта жана 3 745 терминалда** тейлөөгө алынган (өткөн жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, банкоматтардын өсүшү 4,6 пайызды, ал эми терминалдардыкы 7,4 пайызды түзгөн).




*Банктык төлөм карттарын пайдалануу менен операциялардын көлөмүнүн жана санынын динамикасы.*

2014-жылдын 1-чейреги ичинде жүргүзүлгөн операциялардын жалпы көлөмү **14 291,6 млн. сомду** түзгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда жүргүзүлгөн операциялардын көлөмү 9,2 пайызга азайган, ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилине салыштырганда 14,0 пайызга көбөйгөн.

Мурдагыдай эле, бардык операциялардын негизги үлүшү акча каражаттарын нак акчага айландырууга – 13 762,1 млн. сом туура келген, бул бардык операциялардын жалпы көлөмүнө карата 96,3 пайызын ээлеген. Соода-сервистик ишканалардагы терминалдар аркылуу ишке ашырылган операциялардын көлөмү 529,5 млн. сомду түзгөн (бул жүргүзүлгөн бардык операциялардын 3,7 пайызы). Төлөм карттарынын орчундуу бөлүгү «эмгек акы долбоорун» ишке киргизүүнүн алкагында эмитирленген.

2014-жылдын 1-чейреги ичинде картты пайдалануу менен **3,1 млн. ашык транзакция** жүргүзүлгөн. Өткөн чейрекке салыштырганда операциялар саны 6,0 пайызга азайуу менен, өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырганда ал 14,8 пайызга өскөн.

### 3.4. Чек ара аркылуу өтүүчү төлөмдөр

Отчеттук чейрек ичинде катышуучулардын чек ара аркылуу төлөмдөрү SWIFT, «Telex», «Банк-Клиент», «Е-Клиент» ж.б. системаларды пайдалануу менен жүргүзүлгөн. Мында коммерциялык банктар көбүнчө SWIFT системасын пайдаланышкан.


2014-жылдын 1-чейреги ичинде эл аралык төлөмдөр валюталардын 12 түрү боюнча ишке ашырылган. 2014-жылдын 1-чейрегинин жыйынтыгы боюнча кириш төлөмдөрдүн жал пы көлөмү 179,4 млрд. сомду (бул көрсөткүч 2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда 13,0 пайызга азайып, 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда 7,5 пайызга көбөйгөн), ал эми чыгыш төлөмдөрдүн көлөмү 194,2 млрд. сомду түзгөн (бул көрсөткүч 2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда 13,1 пайызга азайып, 2013-жылдын 1-чейрегине салыштырганда 7,9 пайызга көбөйгөн эле).

### 3.5. Акча которуулар


Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча акча которуулар которуулардын эл аралык жана локалдык системалары аркылуу жүзөгө ашырылган. Акча которуулардын эл аралык системалары боюнча кириш которуулардын жалпы саны 22,3 млрд. сом жалпы суммасында 1 442 236 (2013-жылдын 4-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша, 30,5 жана 17,4 пайызга азаюу болгон, ал эми 2013-жылдын 1-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 2,8 жана 4,8 пайызга көбөйүү болгон), ал эми чыгыш которуулардын саны 7,8 млрд. сом жалпы суммасында 77 439 түзгөн (2013-жылдын 4-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 19,4 жана 18,9 пайызга азаюу болгон, ал эми 2013-жылдын 1-чейрегинин көрсөткүчтөрүнө салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша 64,6 жана 14,0 пайызга көбөйүү болгон).

Кыргыз Республикасынын аймагында кириш жана чыгыш которуулардын көлөмү боюнча кыйла салыштырма салмак Бишкек шаарына туура келген, мында кириш которуулар жалпы көлөмдүн 36,7 пайызын, ал эми чыгыш которуулар жалпы көлөмдүн 50,2 пайызын ээлеген.

15-график. Республикадагы областтар боюнча кириш акча которуулардын үлүшү (%)




16-график. Республикадагы областтар боюнча чыгыш акча которуулардын үлүшү (%)





Отчеттук чейрек ичинде акча которуулар валютанын 5 түрү боюнча жүзөгө ашырылган.


***1) АКШ долларында акча которуулар***

2014-жылдын 1-чейреги ичинде 123,9 млн. АКШ доллар суммасына кириш которуулардын жалпы саны 138 510 түзгөн (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда тиешелүүлүгүнө жараша, 26,8 пайызга жана 15,6 пайызга азайуу жүргөн; ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилинин көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 12,2 пайызга жана 12,4 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 35 888 чегинде калыптанып, 85,9 млн. АКШ долларын түзгөн (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда азайуу, тиешелүүлүгүнө жараша 19,9 пайызды жана 11,6 пайызды түзгөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша 13,4 пайыз жана 62,4 пайыз чегинде катталган).

17-график. Валюталар боюнча кириш акча которуулар (млн.сом)




18-график. Валюталар боюнча чыгыш акча которуулар (млн.сом)




***2) Евро валютасында акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 1,6 млн. евро жалпы суммасында 3 966 сандагы кириш которуулар (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 13,1 пайызга жана 3,6 пайызга азайуу белгиленген; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 1,3 пайызга азайуу жана 3,8 пайызга көбөйүү жүргөн). Чыгыш которуулардын саны 1,2 млн. евро жалпы суммасында 728 түзгөн (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 37,3 пайызга жана 23,9 пайызга азайуу; ал эми 2013- жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 40,4 пайызга жана 24,0 пайызга азайуу жүргөн).

***3) Орус рублинде акча которуулар***

Отчеттук чейректин жыйынтыгы боюнча 11,2 млрд. рубль суммасында 1 260 771 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 28,3 пайызга жана 19,7 пайызга азайуу; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда 6,2 пайызга жана 1,6 пайызга көбөйүү байкалган). Мындан тышкары 2,2 млрд. рубль суммасында 39 021 чыгыш которуулар жүргүзүлгөн (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 14,3 пайызга жана 11,5 пайызга азайуу белгиленген; ал эми

2013-жылдын ушул эле мезгилинин көрсөткүчүнө салыштырганда көбөйүү, тиешелүүлүгүнө жараша 64,7 пайызды жана 12,3 пайызды түзгөн).

### *4) Казак теңгесинде которуулар*

Отчеттук мезгил ичинде 450,8 млн. тенге суммасында 38 923 кириш которуулар жүргүзүлгөн (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр тиешелүүлүгүнө жараша 1,5 жана 6,0 эсе өскөн; ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилдин көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 2,1 жана 7,0 эсе көбөйгөн). Чыгыш төлөмдөр 68,6 млн. тенге суммасына 1 796 чыгыш которуулар жүргүзүлгөн (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда көрсөткүчтөр, тиешелүүлүгүнө жараша 2,1 жана 5,0 эсе көбөйгөн; ал эми өткөн жылдын ушул эле мезгилдин көрсөткүчүнө салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 3,0 жана 5,6 эсе көбөйгөн).

### *5) Кыргыз сомунда которуулар*

Отчеттук мезгил ичинде 1,1 млн. сом суммасында 66 кириш которуулар ишке ашырылган (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 1,8 жана 1,9 эсеге азаюу жүргөн; ал эми 2013-жылдын тиешелүү мезгилине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 13,8 жана 27,8 эсе азайган). Ал эми чыгыш которуулардын саны 0,1 млн. сом суммасында 6 түзгөн (2013-жылдын 4-чейрегине салыштырганда, тиешелүүлүгүнө жараша 13,0 жана 14,3 пайызга азаюу байкалган; ал эми 2013-жылдын тиешелүү көрсөткүчүнө салыштырганда көрсөткүч, тиешелүүлүгүнө жараша 4,3 пайызга жана 20,0 пайызга көбөйгөн).